**Кара-Суу аймактык шайлоо комиссиясынын жыйынтыктоочу отурумунун**

**Протоколу**

**Кара-Суу шаары** **31.05. 2017-ж.**

**Катышышты:** Кадыров Р.Ш. - БШКнын Ош облусундагы кординатору,
Н.Султанов – Кара-Суу АШКнын төрагасы, М.Амираев- Кара-Суу АШКнын катчысы, мүчөлөрү - Каракожоев С., , Хворостанцева О., Борукулова Б., Раева Ы. Молдожанова Ж., Капаров М., Карабаев Т.Каштанова Ю.Кимсанов К.

**Күн тартиби:**

1. Ак-Таш айылдык кеңешинин №1 Ак-Таш 10-мандаттуу шайлоо округунун талапкерлеринен келген арыздарды кароо
2. Ак-Таш жана Жоош айылдык кеңешине шайланган депутаттардын тизмесин бекитүү

**Угулду:** 1-маселе боюнча АШКнын төрагасы Н. Султанов сөзгө чыгып Ак-Таш айылдык кеңешине караштуу №1 Ак-Таш 10мандаттуу шайлоо округунун талапкерлердин арыздары менен таныштырды. 1.Шаршен уулу Чынгыз №5203 Ак-Таш шайлоо участкасында өткөн шайлоодо мыйзам бузуулар каталды ошол себептен урнадагы брак блютенндерди кайрадан эсептеп башка да бузукулуктарды териштирип адилеттүү чечим чыгарып берүүсүн суранган.

2. №1 Ак-Таш 10мандаттуу шайлоо округунун талапкери Матанов Адылбек №5203 Ак-Таш шайлоо участкасында шайлоо өнөктүгү башталган күндөн шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн ишинде талапкерлер үчүн иштеринде Ак-Таш айыл аймагынын админстрацианын өкүлдөрүнүн иштеринде чоң мыйзам бузуулар болду. Мен кыргызстандын атуулу катары өз укугумду коргоо үчүн арыз жазууга мажбурмун менин арызымды мыйзам чегинде карап бериниздер.

3. №1 Ак-Таш 10 мандаттуу шайлоо округунун талапкери Кулукеева Раиса 2017-жылдын 28-майында №5203 Ак-Таш участкалык шайлоо пунктунда шайлоо башталган убак15 минута кеч башталгандан тарта комиссия мүчөлөрүнүн иштеринде талапкерлердин байкоочулардын мызамсыз иштери башталды, мен кыргызстандын жараны катары ушул мыйзам бузуларды татыктуу карап берүүнү суранган.

4. №1 Ак-Таш 10 мандаттуу шайлоо округунун талапкери Кубанычбек уулу Илимбектен №5203 Ак-Таш шайлоо участкасында шайлоо өнөктүгү башталган күндөн баштап шайлоо комиссиянын мүчөлөрүнүн ичинде ,талапкердин үгүт иштеринде Ак-Таш айыл аймагынын админстрациясынын өкүлдөрүнүн иштеринде олуттуу мыйзам бузуулар болду деп эсептейм. Биз кыргызстандын атуулу катары өз укугумду коргоо үчүн арыз жазууга мажбур болдук , мыйзам чегинде карап берүүсүн суранган.

5. №1 Ак-Таш 10 мандаттуу шайлоо округунун талапкеринен ушул жылдын 28-майында өткөн шайлоодо одоно мыйзам бузуулар болду алар:

1) Шайлоо комиссиясы иштеген жок, тизмелер такталбады, орусиядагы шайлоочулар добуш берген жок,өлгөндөр тизмеде жүрөт.

2) Талапкердин аты-жөнү тизмедеги саны адаштырды гезитте бир башка блютеннде бир башка

3) /йүндө болуп ооруп калгандарга унаа уюштурган жок

4)Шайлоо күнү комиссиялар өздөрү үгүт иштерин жүргүзүштү,ишенимдүү адамдарда

5) Шайлоочуларга акча берилди

6) Балдар бакчасынын кызматкерлери жамааты менен катышып Б.Б. башчысына И. Турсунбаевге үгүт ишин жүргүздү.

7) урна бузулуп бюлетеннңди кайра эсептеген жок . Анткени талапкерлердин бары бул шайлоого наразы болуп кетип калышты

Ушул арызды мыйзам чегинде карап берүүнү суранышкан.

6. Ак-Таш 10 мандаттуу шайлоо округуна талапкер Орозбаев Анаркан №5203 Ак-Таш шайлоо участкасында шайлоо өнөктүгү башталган күндөн шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн ишинде , талапкерлердин үгүт иштеринде, Ак-Таш айыл аймагынын

6. Ак-Таш 10 мандаттуу шайлоо округуна талапкер Орозбаев Анаркан №5203 Ак-Таш шайлоо участкасында шайлоо өнөктүгү башталган күндөн шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн ишинде . талапкерлердин үгүт иштеринде. Ак-Таш айыл аймагынын администрациясынын окулдорунун иштеринде олуттуу мыйзам бузулар болду деп эсептейм. Биз кыргызстандын жараны катары өз укугумду коргоо үчүн Арыз жазууга мажбур болдум Мыйзам бузуларды мыйзам чегинде карап берүүнүн сураган.

Кара-Суу АШКнын мүчөсү Каракожоев Суфибек сөзгө чыгып Ак-Таш айылдык кеңешинин №1 Ак-Таш шайлоо округунун талапкерлеринин жазган арыздарында эч кандай бир факт жок экендигин же болбосо бир акт жок экендигине токтолуп өттү.

Кара-Суу АШКнын мүчөсү Кимсанов Канибек сөзгө чыгып бул арыздарда мазмунду нерсеге токтолбогондугу же болбосо болгон учурда да үчтөн кем эмес адамдан турган акт түзүш керек экендигине токтолуп өттү.

2- маселе боюнча- Карасу АШКнын катчысы М. Амираев сөзгө чыгып 2017-жылдын 28-майында болгон шайлоодо Ак-Таш жана Жоош айылдык кеңештеринин округдары боюнча эң көп добуш алган талапкерлердин тизмеси менен тааныштырып өттү.

Жогорудагы маселелер боюнча АШКнын мүчөлөрү карап талкуулап төмөндөгүдөй

**Чечим кылат:**

1. Ак-Таш айылдык кеңешине караштуу №1 Ак-Таш шайлоо округунун талапкерлеринин жазган арыздары боюнча эч кандай фактылар болбогондуктан же болбосо үчтөн кем эмес адамдан түзүлгөн актта жоктугунан бул жерде эч кандай мыйзам бузуулар болбогондуктан жазган арыздары канааттандырылбасын.

2. Ак-Таш жана Жоош айылдык кеңештеринин округдары боюнча эң көп добуш алган талапкерлердин тизмеси бекитилсин.

3. Бул чечимди бекитип берүү жагы БШКдан суралсын.

**Кара-Суу АШКнын төрагасы:** **Н. Султанов**

**Кара-Суу АШКнын катчысы:** **М. Амираев**